КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЖОГОРКУ СОТУ

ВЕРХОВНЫЙ СУД
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

3-ноябрь 2023-ж. № 146

Бишкек шаары

**“Сот процессинин катышуучуларынын жана башка адамдардын сотто жана сот жыйналышындагы жүрүм-турум эрежелерин” бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 25-беренесинин 21-пунктун жетекчиликке алып **буйрук кылам:**

1.Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда жана жергиликтүү сотторунда “Сот процессинин катышуучуларынын жана башка адамдардын сотто жана сот жыйналышындагы жүрүм-турум эрежелери” тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун аппаратынын кадрлар жана мамлекеттик жарандык кызматы бөлүмүнүн башчысы А.Манжиева ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьяларына жана жергиликтүү соттордун төрагаларына жеткирсин.

| | | |
|---|---|---|
| **Төрага** | колу | **З. Базарбеков** |
| Аппарат жетекчиси | колу | Э. Мамыров |
| Кадрлар бөлүмүнүн башчысы | колу | А. Манжиева |
| Көчүрмө туура | | А. Манжиева |

**“БЕКИТИЛДИ”**
Кыргыз Республикасынын
Жогорку сотунун
Төрагасынын 2023-жылдын
“ 3 ”- ноябрындагы
№ 146 - буйругу менен

# Сот процессинин катышуучуларынын жана башка адамдардын сотто жана сот жыйналышындагы жүрүм-турум эрежелери

Оглавление


**1-Глава. Жалпы жоболор** ........ 1

**2-Глава. Өткөрүү режими** ........ 3

**3-Глава. Сотко келүүчүлөрдүн, сот процессинин катышуучуларынын сырткы келбетине, кийиминин стилине коюлуучу талаптар** ........ 7

**4-Глава. Сот имаратында келүүчүлөрдүн укуктары жана милдеттери** ........ 7

**5-Глава. Сот процессинин катышуучуларынын жана башка адамдардын укуктары жана милдеттери** ........ 8

**§1. Сот процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери** ........ 8

**§2. Сот жыйналышына (отурумуна) келүүчүлөрдүн жана катышкан башка адамдардын укуктары жана милдеттери** ........ 11

1-Тиркеме. Соттун имараттарына, жайларына (сот жыйналышынын (отурумунун) залдарын кошкондо) жана аймагына киргизүүгө тыюу алынган буюмдардын тизмеги ........ 13


## 1-Глава. Жалпы жоболор

1.1. Сот процессинин катышуучуларынын жана сот жыйналышында (отурумунда) катышышкан, сот имаратындагы башка адамдардын жүрүм-турумунун ушул Эрежелери (мындан ары - "Эрежелер") соттун имараттарында, жайларында жана аймактарында келүүчүлөрдүн, сот процессинин катышуучуларынын жана сот жыйналышындагы (отурумундагы) башка адамдардын жүрүм-турумунун ченемдерин аныктайт жана соттун ишинин белгиленген тартибин камсыз кылууга багытталган, анын максаттары:

- жарандардын соттук коргонууга болгон конституциялык укугун ишке ашыруу;
- сот өндүрүшүнүн айкындуулук принцибин сактоо;
- сот адилеттигин жүргүзүүнүн сапатын жогорулатуу;

- судьялардын, сот процессинин катышуучуларынын жана соттун аппаратынын кызматкерлеринин натыйжалуу иштеши үчүн шарттарды камсыз кылуу;
- келүүчүлөрдүн, сот процессинин катышуучуларынын жана соттук териштирүүгө катышкан башка адамдардын, судьялардын жана соттун аппаратынын кызматкерлеринин коопсуздугун камсыз кылуу;
- сот жыйналыштарында, соттун имараттарында (жайларында), ошондой эле мүлктүн сакталыш тартибин сактоону жана аларды коргоону колдоо.

1.2. Бул эрежелер сот адилеттигин жүргүзүү жол-жобосун регламенттөөчү, Жогорку сотто жана жергиликтүү соттордо сот жыйналышын (отурумун) өткөрүү тартибин белгилөөчү мыйзамдардын ченемдерине ылайык иштелип чыкты жана сотко келүүчүлөргө же сот жыйналышына (отурумуна) катышкан бардык адамдарга, анын ичинде: сот процессинин катышуучуларына, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнө, омбудсменге (Акыйкатчыга) жана башка уюмдар менен мекемелерге жайылтылат.

1.3. Бул Эрежелерде колдонулуучу негизги түшүнүктөр:

**башка жактар** – сот процессинин катышуучусу болуп саналбаган адамдар: медиатор жана сот адилеттигин жүзөгө ашырууга көмөктөшүүчү адамдар: эксперт, адис, котормочу, күбө, ошондой эле сот заседаниесине катышууга укуктуу адамдар: КР Омбудсменин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, анын ичинде көз карандысыз журналисттер, блогерлер, сот процесстерине мониторинг жүргүзүүчү жактар, жарандык коом уюмунун, конвой кызматынын өкүлдөрү, студенттери ж.б.);

**келүүчү (келген адам)** - соттун имаратында, жайында жана аймагында убактылуу болгон, ал үчүн сот туруктуу иш орду болуп саналбаган ар кандай адам (сот процессинин катышуучусу да, ал болуп саналбаган адам да, анын ичинде сот имаратында болгон же сот жыйналышына (отурумуна) катышкан адам да, КР Акыйкатчысынын, жарандык коом уюмдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, конвой кызматынын өкүлдөрү, юридикалык ЖОЖдордун студенттери ж. б.);

**коомдук орун (жай)** - бул соттун чакыруусу же судьялардын жана соттордун аппарат кызматкеринин чакыруусу боюнча адамдардын аныкталбаган чөйрөсүнө пайдалануу үчүн дайыма же кайсы бир мезгилде эркин жетүү үчүн ачык болгон соттордун кандайдыр бир имаратынын, курулмасынын, аймагынын (анын ичинде сот жыйналыштарынын (отурумдарынын) залдарын кошкондо) бөлүгү (бөлүктөрү);

**өткөрүү режими** - соттун имаратына, жайына жана аймагына келүүчүлөрдү киргизүүнү жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралардын жана эрежелердин жыйындысы;

**сот имараттарындагы коомдук (ачык-айкын) зона** - келүүчүлөр үчүн ачык жайлар: өткөрүү пункту, кабыл алуу залы; сот жыйналыштарын өткөрүүгө ылайыкташтырылган залдар; сот иштеринин материалдары менен таанышуу үчүн жай; аталып өткөн имарат жайларга жакын жайгашкан жалпы пайдаланылуучу жайлар (коридорлор, холлдор, даараткaналар, тепкич марштары ж. б.) жана сот имаратына жанаша жайгашкан аймак;

**сот имараттарындагы кызматтык (администрациялык) зона** - судьялар, соттун аппаратынын кызматкерлери, прокурорлор, адвокаттар туруктуу негизде жайгаштырылуучу жайлар (кабинеттер), ошондой эле соттук иштерди, документтерди жана материалдык-техникалык баалуулуктарды сактоо үчүн ылайыкташтырылган техникалык жайлар (архив, кампалар, буюмдук далилдерди сактоо камерасы, гараждар ж. б.);

**сот процессинин катышуучулары** - судьялар, тараптар, айыпталуучулар, жабыр тарткан үчүнчү жактар жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрү, ишеним каттын негизинде иш алып барган мыйзамдуу өкүлдөр, прокурор, арыз берүүчүлөр, өзгөчө өндүрүштөгү иштер боюнча таламдаш жактар;

**соттун ишинин белгиленген тартиби** - сот өндүрүшү процессин жөнгө салуучу мыйзамдык жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарынын жыйындысы, ошондой эле судьялардын жана соттун аппаратынын кызматкерлеринин сот өндүрүшү процессин уюштуруучулук жактан камсыз кылуу менен байланышкан иши, сот процессинин катышуучуларынын жана жарандардын коомдук жайларда жүрүм-турум эрежелери.

## 2-Глава. Өткөрүү режими

2.1. Соттун келүүчүлөрүнө карата өткөрүү режимин жүзөгө ашыруу, коомдук тартипти сактоо жана 2.2-пунктта аталышкан жактардын талаптарын мажбурлап аткаруу "Сот приставдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сот приставдарына жүктөлөт.

2.2. Соттун имаратында, жайында жана аймагында коомдук тартиптин сакталышын контролдоо сот приставдары, соттун төрагасы, судьялар, соттун аппаратынын жетекчиси жана кызматкерлери, сот жыйналыштарында (отурумдарында) – төрагалык кылуучу тарабынан жүзөгө ашырылат. Аталышкан адамдардын сот жыйналышынын (отурумдарынын) тартибин

жана ушул Эрежелердин талаптарын сактоо боюнча талаптары сотко келүүчүлөр үчүн милдеттүү болуп саналат.

2.3. Соттун имараттарынын, жайларынын жана аймагынын коомдук (ачык айкын) зонасына келүүчүлөрдү өткөрүү анын инсандыгын ырастоочу документти (паспорт, айдоочулук күбөлүк, студенттик жана аскердик билет, кызматтык күбөлүк, электрондук форматтагы документтер ж. б.) көрсөткөндөн жана өткөрүү пунктунда текшерилгенден кийин, соттун иш күндөрүндө, тергөө судьялары иштеген мезгилде, түшкү тамактануу убактысынан тышкары:

- дүйшөмбүдөн жумага чейин - 8.30 дан 17.30 га чейин;
- майрам алдындагы күндөрү: 8.30 дан 16.30 га чейин ишке ашырылат.

2.4. Келүүчүлөр соттун төрагасынын, соттун төрагасынын орун басарынын, судьянын, сот аппарат жетекчисинин (бөлүм башчысынын) жеке кабыл алуусунда болгон учурларда, сот приставынын же соттун аппаратынын кызматкеринин коштоосунда соттун кызматтык (администрациялык) зонасында жана аймагында жайгашкан соттун имаратында, жайларында боло алышат.

2.5. Келүүчүлөрдүн соттун имаратында, жайында жана аймагында жумуш убактысынан тышкары убакта болушуна жол берилбейт.

2.6. Жашы 14 жашка жете элек өспүрүмдөр соттун имараттарында, кызматтык жайларында жана аймагында ата-энесинин, жакын туугандарынын, мыйзамдуу өкүлдөрүнүн (камкорчуларынын) же педагогдорунун (тарбиячыларынын) коштоосунда гана боло алышат.

2.7. Журналисттер жана ММКнын өкүлдөрү тарабынан сотко жана сот жыйналыштарына (отурумдарына) барганда, ошондой эле жамааттык иш-чараларды өткөрүү маалында ("Ачык эшиктер күнү", экскурсиялар, делегацияга баруу, пресс-конференциялар ж.б.) өткөрүү пунктуна күзөт кызматынын өкүлдөрүнө жана/же сот приставдарына соттун аппаратынын, басма сөз кызматынын кызматкерлери тарабынан берилген тизмеге ылайык жана инсандыгын ырастаган документтер текшерилгенден кийин адамдар соттун имаратына киргизилет.

2.8. Түзүлгөн келишимдердин негизинде соттун имаратында, жайларында жана аймагында оңдоо жана башка иштерди жүзөгө ашыруучу жумушчу уюмдарга аппараттын жетекчиси же соттун аппаратынын кызматкери тарабынан сот приставдарына берилген тизмелердин негизинде жана инсандыгын ырастаган документтер текшерилгенден кийин гана сот имаратына киргизилет. Дем алыш жана майрам күндөрү, ошондой эле иш күндөрү жумуш убактысынан тышкары убакта жумушчуларды киргизүү

соттун төрагасы же Аппарат жетекчиси виза койгон ондоо иштерин жүргүзүүнүн демилгечисинин баяндама катына ылайык жүзөгө ашырылат.

2.9. Электр тармагы, канализация, суу түтүгү же жылытуу тутуму кыйраган (бузулган) учурларда, ошондой эле медициналык жардам көрсөтүү зарыл болгон учурда медициналык кызматкерлер, адистер жана авариялык-ондоо кызматтарынын жумушчулары иш убагында соттун аппаратынын кызматкеринин же сот приставынын коштоосунда, жумуш убактысынан тышкары - күзөт кызматынын өкүлүнүн коштоосунда тиешелүү жайга жана аймакка өткөрүлөт, бул жөнүндө токтоосуз соттун төрагасына же соттун аппарат жетекчисине билдирилет.

2.10. Конвой кызматынын соттолгондорду жана камакка алынган адамдарды соттун имаратында жана жайларында, ошондой эле сот жыйналыштарында (отурумдарында) коштоп жүрүүдөгү жүрүм-турум эрежелери ички иштер жаатындагы ченемдик укуктук актылар жана ушул Эрежелер менен жөнгө салынат.

2.11. Өзгөчө кырдаалдар пайда болгондо келүүчүлөрдү соттун имаратына, жайына жана аймагына киргизүү токтотулат.

2.12. Соттун имараттарына, жайларына жана аймагына кирүүгө тыюу салынат:

- алкоголдук, наркотикалык же токсикалык мас абалындагы адамдарга;
- агрессивдүү жүрүм-туруму бар адамдарга;
- дин тутуу эркиндигине конституциялык укуктарын бузбастан, медиа-персонаж кийимдериндеги, бети жабык кийимдеги адамдарга;
- сокурду жетелеп жүрүүчү-иттерден башка жаныбарлар менен келгендерге;
- ушул Эрежелердин 1-тиркемесинде аталып өткөн предметтери (буюм заттары) бар адамдарга;
- өздүгүн күбөлөндүргөн документтерин кароо жүргүзүүдөн жана текшерүү жүргүзүүдөн качкан адамдарга;
- бул Эрежелердин жоболорун сактабаган башка адамдарга.

2.13. Соттун келүүчүлөрүнө төмөнкүлөр тыюу салынат:

- ушул Эрежелердин 1-тиркемесинде аталган предметтерди (буюм затдарды) соттун имараттарына, жайларына жана аймагына алып кирүүгө. Бул тыюу салуу инкассаторлорго, фельдъегердик жана атайын байланыштын кызматкерлерине, ички иштер органдарынын кызматкерлерине, мыйзам боюнча корголуучу адамдардын коопсуздугун камсыз кылуучу кызматкерлерге, кызматтык милдеттерин аткарууда табелдик курал жана атайын каражаттар менен сотко аларды киргизүү мүмкүнчүлүгү жагынан жайылтылбайт;

- судьянын жана сот процессинин башка катышуучуларынын аракеттерине кийлигишүүгө, сот жыйналышын (отурумун) өткөрүүгө суроолор, репликалар, урушуу, туура эмес жүрүм-турум менен кийлигишүүгө, коомдук тартипти бузууга;
- төрагалык кылуучу судьянын макулдугусуз кесипкөй да, ышкыбоздук да видеожазууларды, кино-жана фото тартууларды жүргүзүүгө, видео -, теле - же радиотрансляцияларды жүзөгө ашырууга;
- эгерде сот тарабынан мындай трансляцияга (жазууга, тартууга) уруксат берилбесе, сот жыйналышынын (отурумунун) жүрүшүн башка адамдар менен байланышуу же видео-, теле- трансляцияларды, видеожазууларды, кино-же фото тартып алуу үчүн байланыш каражаттарын, анын ичинде уюлдук телефондорду пайдаланууга;
- соттун имаратында, жайларында жана аймагында соода өкүлдөрүнүн функцияларын аткарууга, жарнамалык мүнөздөгү маалыматты жайылтууга, суусундуктарды жана тамак-аш азыктарын сатууга;
- соттун атайын бөлүнгөн жайларынан жана имаратынан чыгып кетүүгө, таанышуу үчүн алынган документтерди, ошондой эле соттун мүлкүн бузууга же жок кылууга;
- сот документтеринин үлгүлөрүн стенддерден алууга, ошондой эле аларга жеке жана жарнамалык мүнөздөгү кулактандырууларды жайгаштырууга;
- жашы жете элек балдарды, жеке буюмдарын жана документтерин кароосуз калтырууга;
- сокурду жетелеп журүүчү-иттерден башка жаныбарларды алып келүүгө (көтөрүп келүүгө);
- соттун имаратында жана сот имаратынын жанындагы аймакта атайын каралган жерлерден тышкары тамеки тартууга жана алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө.

2.14. Сот жыйналышынын (отурумунун) жүрүшүн киного жана сүрөткө тартууга, видеого тартууга, видео -, теле-жана радиотрансляциялоого тыюу салынат. Массалык маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү сүрөткө тартууга (трансляциялоого, видеого тартууга) уруксатты соттун төрагасы, соттун басма сөз кызматы же соттун жыйналышында (отурумунда) төрагалык кылуучу аркылуу соттук отуруму башталганга чейин үч сааттан кечиктирбестен макулдашышат. Сот жыйналышында (отурумунда) төрагалык кылган судья сот жыйналышынын (отурумунун) жүрүшүн кино - жана сүрөткө тартууну, видео жазууну, видео -, теле - жана радиотрансляциялоону жүзөгө ашыруу убактысынын узактыгын чектөөгө укуктуу.

## 3-Глава. Сотко келүүчүлөрдүн, сот процессинин катышуучуларынын сырткы келбетине, кийиминин стилине коюлуучу талаптар

3.1. Сотко жана сот жыйналышына (отурумуна) келүүчүлөр үчүн сырткы көрүнүшү жана кийим стили боюнча талаптарды сактоо сунушталат:
1) сырткы көрүнүшү тыкан болушу керек;
2) Пляж багытындагы кийимдерге жана бут кийимдерге жол берилбейт: шортылар, ачык сарафан жана топика, банданалар, чакыруучу, ачык же адепсиз издери бар футболкалар, пляж тапочкалары.
3.2. Сот жыйналышында (отурумунда) эркек адамдар баш кийимин алып коюшат.

## 4-Глава. Сот имаратында келүүчүлөрдүн укуктары жана милдеттери

4.1. Сот имаратындагы сотко келүүчү төмөнкүлөргө укуктуу:

- коомдук (ачык-айкын зонада) жайгашкан соттун имаратына, жайына жана аймагына ушул Эрежелерде белгиленген тартипте өтүүнү жүзөгө ашырууга;

- соттордун аймагындагы коомдук даараткан аларга тоскоолдуксуз кирүүгө;

- атайын маалымат такталарында жайгаштырылган документтер менен таанышууга;

- ишти ачык соттук жыйналышта (отурумда) кароодо сот жыйналышынын (отурумунун) залында болууга (бош орундар бар болсо);

- белгиленген тартипте сотко кайрылуу берүүгө;

- мыйзамда каралган учурларда жана тартипте сот тарабынан берилүүчү документтерди алууга;

- соттун уруксаты менен видео-, теле- жана радиоаппараттарды соттун имаратына, жайына жана аймагына алып кирүүгө.

4.2. Сотко келүүчү милдеттүү:

- соттун ишинин белгиленген тартибин, сот жыйналышынын (отурумунун) тартибин, коомдук жайларда жүрүм-турум ченемдерин сактоого;

- сот имаратына киргенде өткөрмө пункттун өкүлүнө же сот приставына өзүнүн келген максаты жөнүндө билдирүүгө, инсандыгын ырастоочу документти (паспорт, айдоочулук күбөлүк, аскердик билет, кызматтык

күбөлүк, электрондук форматтагы документтер ж. б.) кеңири түрдө көрсөтүүгө, техникалык каражаттарды пайдалануу менен текшерип кароодон өтүүгө, текшерип кароо үчүн кол жүгүн (сумкаларды, портфелдерди, папкаларды ж. б.) көрсөтүүгө, ал эми сот приставында келүүчүлөрдүн сот имаратына алып кирүүгө тыюу салынган буюмдары бар деп ойлоого негиздер болсо, приставдын талабы боюнча жеке текшерилүүгө;

- коомдо кабыл алынган адеп-ахлактык-этикалык ченемдерди, коомдук тартипти сактоого;

- соттун мүлкүнө аяр мамиле жасоого, соттун имараттарында жана жайларында тазалыкты, тынчтыкты сактоого;

- сот кызматкерлеринин кабыл алуусунда кезектүүлүктү сактоого;

- судьяларга, соттун аппаратынын кызматкерлерине, сот приставдарына жана соттун башка кызматтарына, сот процессинин катышуучуларына жана соттун башка келүүчүлөрүнө карата сыйлабастык мамиле жасоого жол бербөөгө;

- судьялардын, соттун аппаратынын кызматкерлеринин жана сот приставдарынын / же соттордун имараттарын кайтарган ички иштер органдарынын тиешелүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин өздөрүнүн кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарышына тоскоолдук кылбоого, алардын талаптарын жана буйруктарын аткарууга;

- өзгөчө кырдаалдар пайда болгон учурда сот приставдарынын жана соттун аппаратынын кызматкерлеринин көрсөтмөлөрүн так аткарууга;

- сот приставдарынын жана соттун аппаратынын кызматкерлеринин соттун имаратын, жайын жана аймагын бошотуу жөнүндө, анын ичинде жумуш күнү бүткөндө, ошондой эле өзгөчө кырдаалдарда, талаптарын аткарууга;

- судьянын, соттун аппаратынын кызматкеринин же сот приставынын талабы боюнча соттун имаратынан, жайынан, аймагынан, сот жыйналышынын (отурумунун) залынан чыгып кетүүгө;

- ушул Эрежелерде белгиленген талаптарды сактоого.

## 5-Глава. Сот процессинин катышуучуларынын жана башка адамдардын укуктары жана милдеттери

### §1. Сот процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери

5.1. Сот процессинин катышуучусу төмөнкүлөргө укуктуу:

- коомдук (ачык-айкын зонада) же административдик (кызматтык) зонада жайгашкан соттун имараттарына, жайларына жана аймагына ушул Эрежелерде белгиленген тартипте өтүүнү жүзөгө ашырууга;

- атайын маалымат такталарында жайгаштырылган документтер менен таанышууга;

- мыйзамда каралган учурларда жана тартипте сот иштеринин материалдары менен таанышууга;

- сот жыйналышына (отурумуна) катышууга (жабык сот жыйналыштарын (отурумдарын) кошпогондо);

- сот процессинин катышуучусу болбогон учурда, башка иштерди кароодо сот жыйналыштарынын (отурумдарынын) залында болууга;

- белгиленген тартипте сотко өтүнүч, арыз берүүгө жана мыйзамда каралган учурларда жана тартипте сот тарабынан берилген документтерди алууга;

- соттун иши жөнүндө маалымкат мүнөзүндөгү маалыматты алууга.

5.2. Сот процессинин катышуучусу сот жыйналышында (отурумунда) милдеттүү:

- соттун имараттарында, жайларында жана аймагында тазалыкты, тынчтыкты сактоого жана соттун мүлкүнө аяр мамиле кылууга;

- коомдо кабыл алынган адеп-ахлактык-этикалык ченемдерди, коомдук тартипти жана кесиптик этикалык кодекстерде аныкталган ченемдерди сактоого;

- судьяларга, соттун аппаратынын кызматкерлерине, сот приставдарына жана сот кызматтарынын башка кызматкерлерине, сот процессинин катышуучуларына, тараптардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө жана соттун башка келүүчүлөрүнө карата сыйлабастык мамиле жасоого жол бербөөгө;

- судьялардын, соттун аппаратынын кызматкерлеринин жана сот приставдарынын /же соттордун имараттарын кайтарууну жүзөгө ашыруучу ички иштер органдарынын тиешелүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин өздөрүнүн кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарышына, алардын талаптарын жана буйруктарын аткаруусуна тоскоолдук кылбоого;

- сот заседаниесинин залына чакырылганга чейин судья, сот жыйналышынын (отурумунун) катчысы, соттун аппаратынын башка кызматкери же сот приставы көрсөткөн кабинеттин алдындагы холлдо же башка жерде болууга;

- соттун ишинин белгиленген тартибин, сот жыйналышынын (отурумунун) тартибин, коомдук жайлардагы жүрүм-турум ченемдерин жана ушул Эрежелерди сактоого;

- судьянын, соттун аппаратынын кызматкеринин же сот приставынын талабы боюнча сот жыйналышынын (отурумунун) залынан, жайынан жана аймагынан чыгып кетүүгө;

- судьялар жыйналыш залына киргенде, ошондой эле алар залдан чыгып баратканда туруууга. Соттун судьясы/соттук коллегиясы тарабынан маңызы боюнча жарыяланган соттук актысын, туруп угууга тийиш;

- сот жыйналышына төрагалык кылган судьянын уруксатынан кийин туруп сотко кайрылууга, түшүндүрмө берүүгө жана сөз сүйлөөгө. Бул эрежеден четтөөгө судьянын же төрагалык кылуучунун уруксаты менен гана жол берилиши мүмкүн;

- сот отурумунун тартибин түздөн-түз сактоого, соттук териштирүүнүн катышуучуларынын ортосунда өз ара сый-урматтын пайда болушуна тиешелүү процесстик мыйзамдардын ченемдерин кыйшаюусуз сактоо үчүн шарттарды жана жалпы таанылган жана кесиптик этикалык ченемдерди түзүүгө;

- юридикалык кесиптин өкүлдөрү (судьялар, прокурорлор, адвокаттар, тараптардын ишеним кат боюнча өкүлдөрү), мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жалпы эле коомдун өкүлдөрү тарабынан сот адилеттигин ишке ашыруу процессин, сот жыйналышындагы (отурумундагы) тартипти жакшыраак түшүнүүгө жана колдоого көмөк көрсөтүүгө;

- сот жыйналышында (отурумунда) сот процессинин катышуучуларынын жана башка адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салуучу эрежелерди сактоого, соттук териштирүүдө алардын өз ара кесиптик жоопкерчилигин күчөтүүгө жана соттук жыйналышынын (отурумунун) тартибин бузуучуларга чараларды кабыл алууга салым кошууга;

- сот процессинин катышуучусунун сотко расмий кайрылуусунун формасын сактоого жана судьяларга тиешелүү түрдө кайрылууга: "Урматтуу сот". Процесстин тараптарына жана башка катышуучуларына кайрылганда, ошого тете аларды сөз сүйлөөдө эскерүүдө сот процессинин катышуучусу төмөнкүдөй сөз айкаштарын колдонуу менен кайрылат: "Урматтуу тарап", "Тараптын урматтуу өкүлү", "Урматтуу жактоочу", "Урматтуу прокурор", "Урматтуу мамлекеттик айыптоочу", "Урматтуу жеке айыптоочу", "Урматтуу адвокат", "Урматтуу айыпталуучу", "Урматтуу күбө", "Урматтуу эксперт",

"Урматтуу котормочу". Кайрылуунун даректүүлүгүн тактоо зарыл болгон учурда процесстин тиешелүү катышуучусунун фамилиясы да көрсөтүлөт.

5.3. Сот процессинин катышуучусу сот жыйналышынын (отурумунун) убагында судьяларга суроо берүүгө укуксуз. Судьяга, процесстин тараптарына жана башка катышуучуларына эскертүү берүүгө, аларга карата орой мамиле кылууга эч кимдин укугу жок. Соттук жыйналыштын (отурумдун) убагында суроолор соттук жыйналышка (отурумга) төрагалык кылган судьянын уруксаты менен процесстин башка катышуучуларына гана берилет. Эгерде судья тигил же бул себептер боюнча суроону жол берилгис деп тапса, анда ал бул суроону четке кагышы мүмкүн. Төрагалык кылуучу, эгерде чыгып сүйлөгөн адам иш боюнча каралып жаткан маселенин чегинен чыкса же өзүнүн сөзүнүн, репликасынын формасы жана мазмуну боюнча кемсинтүү же корректтүү эмес болушуна жол берсе, сот жыйналышында (отурумунда) жүрүм-турумдун белгиленген эрежелерин бузса же сотту сыйлабаса, сот жыйналышынын (отурумунун) тарабынын же анын өкүлүнүн, башка катышуучуларынын чыгып сүйлөөсүн токтотууга укуктуу.

## §2. Сот жыйналышына (отурумуна) келүүчүлөрдүн жана катышкан башка адамдардын укуктары жана милдеттери

5.4. Сот процессинин катышуучуларынан тышкары, сот процесси жабык болгон учурларды кошпогондо, сот жыйналышына (отурумуна) келүүчүлөр жана башка адамдар катыша алышат.

5.5. Сот жыйналышына (отурумуна) катышкан адам төмөнкүлөргө укуктуу:

- ушул Эрежелерде белгиленген тартипте коомдук (ачык айкын зонада) жайгашкан сот имараттарына өтүүнү жүзөгө ашырууга;

- атайын маалымат такталарында жайгаштырылган документтер менен таанышууга;

- иштерди кароодо сот жыйналыштарынын (отурумдарынын) залында болууга.

5.6. Сот заседаниесине катышкан адам төмөнкүлөргө милдеттүү:

- соттун ишинин белгиленген тартибин, сот жыйналышынын (отурумунун) тартибин, коомдук жайларда жүрүм-турум ченемдерин жана ушул Эрежелерде белгиленген талаптарды сактоого;

- соттун имараттарында жана жайларында тазалыкты, тынчтыкты сактоого жана соттун мүлкүнө аяр мамиле кылууга;

- коомдо жана кесиптик этикалык кодекстерде кабыл алынган адеп-ахлактык-этикалык ченемдерди жана коомдук тартипти сактоого;

- судьяларга, соттун аппаратынын кызматкерлерине, сот приставдарына жана соттун башка кызматтарына, сот процессинин катышуучуларына жана соттун башка келүүчүлөрүнө карата сыйлабастык мамиле жасоого жол бербөөгө;

- судьялардын, соттун аппаратынын кызматкерлеринин жана сот приставдарынын / же соттордун имараттарын кайтарган ички иштер органдарынын тиешелүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин өздөрүнүн кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарышына тоскоолдук кылбоого, алардын талаптарын жана буйрутмаларын аткарууга;

- сот жыйналышы (отуруму) башталганга чейин сот жыйналышынын (отурумунун) катчысына күн мурунтан кайрылып, сот жыйналышына (отурумуна) катыша тургандыгы жөнүндө билдирүүгө;

- сот жыйналышынын (отурумунун) залына чакырылганга чейин кабинеттин алдындагы фойеде же сот жыйналышынын (отурумунун) катчысы же сот приставы көрсөткөн башка жерде болууга;

- судьялар сот жыйналышынын (отурумунун) залына киргенде, ошондой эле алар залдан чыгып баратканда турууга. Ошондой эле, судья/соттук коллегия жарыялаган сот актысы, алар тарабынан туруп угулушу керек;

- сот жыйналышына (отурумуна) төрагалык кылган судьянын уруксатынан кийин туруп сотко кайрылууга, түшүндүрмө берүүгө жана сөз сүйлөөгө. Бул эрежеден четтөөгө судьянын же төрагалык кылуучунун уруксаты менен гана жол берилиши мүмкүн;

- сот жыйналышынын (отурумунун) жүрүшүн киного жана сүрөткө тартууну, видеожазууну, видео -, теле-жана радиотрансляциялоону жүзөгө ашыруу боюнча мыйзамдардын талаптарын сактоого;

- судьянын, соттун аппаратынын кызматкеринин же сот приставынын талабы боюнча соттун имаратынан, жайынан жана аймагынан, сот жыйналышынын (отурумунун) залынан чыгып кетүүгө.

## 6-Глава. Ушул Эрежелерди бузуучуларга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары

6.1. Ушул Эрежелерди сот процессинин катышуучусу, келүүчү жана башка адамдар бузган учурда, соттун төрагасы, судьялар, соттун аппаратынын жетекчиси жана кызматкерлери, имараттардагы жана соттук жыйналыштардагы (отурумдардагы) тартипти камсыз кылган сот приставдары аларга тиешелүү эскертүүлөрдү берүүгө жана Кыргыз

Республикасынын мыйзамдарында каралган башка таасир этүү чараларын колдонууга укуктуу.

6.2. Сот адилеттигин жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу, сотко урмат көрсөтпөө, соттун имараттарында жана жайларында, ошондой эле сот жыйналыштарында (отурумдарында) коомдук тартипти бузуу, соттун мүлкүн атайылап жок кылуу же бузуу, мыйзамда тыюу салынган башка жосундарды жасоо, соттун төрагасынын, судьялардын, соттун аппарат жетекчисинин жана кызматкерлеринин, сот приставдарынын, конвой кызматынын кызматкерлеринин укукка каршы аракеттерди токтотуу жөнүндө мыйзамдуу буйруктарын жана талаптарын аткарбаган учурда, сот процессинин катышуучусу, келүүчүсү жана башка адам мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн.

1-Тиркеме.Соттун имараттарына, жайларына (сот жыйналышынын (отурумунун) залдарын кошкондо) жана аймагына киргизүүгө тыюу алынган буюмдардын тизмеги

**Соттун имараттарына, жайларына (сот жыйналышынын (отурумунун) залдарын кошкондо) жана аймагына киргизүүгө тыюу алынган буюмдардын тизмеги**

1. Ок атуучу куралдар, ок-дарылар.
2. Пневматикалык курал.
3. Суудагы аңчылыкта колдонулуучу мылтык, арбалет.
4. Куралдын окшоштугу жана муляжы.
5. Электрошоктук түзүлүш.
6. Газ куралдары жана өзүн-өзү коргоо куралдары.
7. Газ баллончиги жана аэрозолдук спрей баллончик.
8. Миздүү курал (бычак, балта, муз тандагыч ж.б.), сайуучу-кесүүчү касиетке ээ башка тиричилик буюмдары.
9. Жарылуучу зат, жардыруучу түзүлүш, жарылуу коркунучтуу буюм зат.
10. Тез күйүүчү суюктук жана зат.
11. Радиоактивдүү материал.
12. Уулуу, уулантуучу, жегич жана дат бастыруучу зат
13. Кычкылдантуучулар: органикалык перекись, агартуучу.
14. Баңги жана (же) психотроптук зат.
15. Алкоголдук ичимдик.
16. Чоң көлөмдөгү буюм (чемодан, корзина, куту ж.б.).
17. Тамак-аш, азык-түлүк;

18. Спорт шаймандары: биталар, гантелдер ж. б.;
19. Айланасындагылардын коопсуздугуна коркунуч туудурган жана аларга карата Кыргыз Республикасында эркин жүгүртүүгө тыюу салуу же чектөө коюлган башка буюм заттар жана заттар.